30.08.2018-ж
№1 пед.кеңешменин
чечими м-н кабыл алынды

"Бекитемин"
мектеп директору:
Исанова Ж.М.

**Окуучулардын билимин баалоо боюнча**

**ЖОБО**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Жобо баштalгыч класстарды системалуу баалоо боюнча иретке келтирүүчү мектептин локолдык актысы болуп эсептелет.

1.2. Билим берүү программасында баалоо дайыма табыгый мүнөздө жүргүзүлүүчү процесс

Баалоонун төмөнкүдөй түрлөрү бар :

- баштапкы баалоо
- учурдагы баалоо
- жыйынтыктап баалоо
- окуу жүрүшүнүн мониторинги

1.3. Мазмундуу текшерүү жана баалоо критерийинин мүнөзү окуучу менен бирдикте ишке ашырылат. Баалоонун негизги критерийи окутуунун планынын ишке ашырылышы менен жүргүзүлөт. Ушул себептен баалоо критерийи мугалимге, окуучуга, ата-энеге алдын ала белгилүү болот.

1.4. Баалоо окуучунун өздүк сапатына эмес ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жана окуу процессинин баалоо критерийинин негизинде баа коюлат.

1.5. Текшерип баалоо ишмердүүлүгүнө окуучунун өзүн-өзү баалоосу менен биргелешип баалоосун эске алуу аркылуу жүргүзсө болот.

1.6. Педагогдор менен окуучуларга билим берүү программасынын аткарылышын камсыздоо үчүн окуу жылынын аягында комплекстүү жыйынтыктоочу иштер жүргүзүлөт

1.7. Баалоо системасынын негиздери :

- Билим берүүдө жыйынтыгын баалоого комплекстүү мамиле (предметтердин баасы, жалпы билимин баалоо) ;
- Негизги билим берүү программасынын сапатын баалоо критерийинин мазмунун өздөштүрүү планын колдонуу аркылуу жүргүзүлөт.

- Жетишүүнү баалоону өздөштүрүү ар бир окуу предметинин мазмунуна системалуу негизде окуу-практикалык, окуу-таанып билүү тапшырмаларынын ишке ашырылышына жараша жүргүзүлөт.
- Динамикалык баалоо-окуучулардын билим алуудагы ийгиликтерине жараша болот.
- Ички жана сырткы баалоонун дал келиши билим берүүнүн сапатын камсыздаган механизимдей
- Пересонификациялык жыйынтыктоо баалоосунун процедурасын колдонуу жана окуучуларды аттестациялоо процедурасынын баалоосу билим берүү системасын өнүктүрүүнүн абалын жана алга умтулуусун камсыздайт.
- Теңдештирүү мамилеси пландаштырылган иштелмелердин жыйынтыгы, курамы жана көрсөтмөсү.
- Терендетип баалоо системасын колдонуу билим берүүдөгү жетишүүнүн жекече динамикасын мүнөздөйт.
- Стандарттык ыкманы колдонуу менен жазуу иштери аркылуу же оозеки иштердин формасын баалоо методу, долбоор түзүү, практикалык иш, чыгармалык иш, өзүн өзү баалоо, байкоо жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат.
- Контекстик маалыматтарды колдонуу шарттарын ишке ашыруу өзгөчөлүктөрү билим берүүнүн программасынын педагогикалык өлчөмү

1.8. Жобо төмөнкү тууралоолорду божомолдойт.

**2. Текшерүү менен баалоонун негизги түрү :**

2.1. Мазмундуу текшерүү жана баа мектеп окуучуларынын өнүгүү динамикасын айкындайт, багыттайт (окуу жылынын башынан аягына чейин) окуучунун жеке ийгилигин жана инсандык өзгөчөлүгүн эске алуу менен

2.2. 1-класстар алгач келгенде окуу курсуна жалпы даярдыгы текшерилет. Бул көрсөткүчтөр балдарга старттык шарт түзүү менен актуалдык билим алууну уюштуруп, тууралайт.

2.3. Күнүмдүк баалоодо эскперттик методду колдонуу менен (байкоо, өз билимин баалоо, өзүнө анализ берүү) жалпылоо методун ( окуучулардын жазуу иштеринин жообу) колдонот.

2.4. Жыйынтыктоочу баалоо окуу жылынын аягында жүргүзүлөт. Класстан класска көчүрүлгөндө комплекстик жыйынтыктоочу жазуу иши жаздырылат. Башталгыч класс бүтөөрдө жыйынтыктоочу баалоонун негизги куралы.